Абдыкеримова А.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# АКЫНДЫК ТАГДЫР КҮТКӨН ААЛЫМ

Филология илимдеринин доктору, тилчи түркolog-окумуштуу Үсөнбек Асаналиев – аалымдык тагдыр менен катар, акындык түйшүктүү тагдыр күткөн инсан. Кыргыз тилинин тарыхы, лексикологиясы, алыскы жана жакынкы тектеш тилдер, өзгөчө, Сибирь чөлкөмүндө таралган түрк тилдери менен жалпылык-айырмачылыктарын изилдөө анын илимий ишмердигинин негизги мазмуну менен багытын түзсө, пенде баласынын ары татаал, ары сырдуу ички-тышкы дүйнөсүндөгү не бир түрлүү көрүнүштөрдү көркөм иликтөөдөн өткөрүү адабий чыгармачылыгынын өзөгүн түзөт. Ошондуктан Ү.Асаналиев өзү да:

Сөздөр менен акылдашам, сырдашам,

Бирде илим, бирде аңгеме, ыр жазам, - деп моюндап жатпайбы [9: 3].

Арийне, илим менен көркөм сөз өнөрүн бирдей тизгиндеш алып жүрүү ар бир эле адамдын колунан келе бере турган түйшүк эмес. Анткени экөө – эки башка татаал дүйнө. Илимдин кайсы тармагындагы окумуштуу болбосун, канчалык мыкты эмгек жаратып, ачылыш жасаса да, ал эмгек авторунун ким жана кандай экендигин, жан дүйнөсүндө болуп жаткандарды, жеке туюм-толгонууларын, өз дооруна, коомго, адамдарга болгон мамилесин толугу менен чагылдырып бере албастыгы түшүнүктүү. Демек, илимий ишмердүүлүк жана анын натыйжалары окумуштуунун инсандык индивидуалдуу дүйнөсүн толук ачып берүүгө кудуретсиз деп айтууга болот. Чынында эле, тигил же бул илимий макаласы, же монографиясы аркылуу анын авторунун кимдигин, ички дүйнөсүн, ой-туюмдарын, турмуштук позициясы менен дүйнөтаанымын билип-түшүнүп койдук деп айтуу мүмкүн эмес. Ал эми көркөм адабий чыгармачылык тууралуу кеп башка. Ал инсандын ой-сезимин, ички дүйнөсүндөгү буюккан ойлорун, толгонууларын, кайгы-кубанычын, тигил же бул көрүнүшкө карата жеке мамилесин көрсөтүп берүүгө жөндөмдүү. Илимий иште обьективдүүлүк үстөмдүк кылса, көркөм чыгармачылыкта субьективдүүлүктүн үлүшү чоң. Анткени анда жеке тагдырдын көрүнө жана көмүскө кырлары, тирүүчүлүктө карманган позициясы, алга жетелеген мотивациясы, жалпы адамзаттык асыл дөөлөттөргө болгон мамиле-көз карашы сыяктуу жеке инсандык белгилер орун алат. Жараткан чыгармасы авторго жалпы адамзаттык нарктуулуктардын ченөлчөмү аркылуу баа берүүгө негиз берет.

Мына ушул жагынан алганда, аалым-акын Ү.Асаналиевдин адабий-поэтикалык чыгармачылыгы анын инсандык жигерин, ички дүйнөсүн аңдап-таанууга өбөлгө түзөт деп айтууга болот.

Буга чейин Ү.Асаналиевдин каleminен «Сөз-сөөлөт» (Бишкек, 1999), «Кеп-кербен», (Бишкек, 2002), «Ой-оомат» (Бишкек, 2002), «Арзуу» (Бишкек, 2002), «Сап-санат» (Бишкек, 2008), «Жакшы сөз – жан азыгы» (Бишкек, 2008), «Аалымдарга азил арноо» (Каракол, 2010), «Ажыдаарлар алааматы» (Каракол, 2011), «Сөз – сөнбөс жарык» (Каракол, 2012) ж.б. жыйнактары жарык көргөнү маалым. Айрым авторлордуку сыяктанып көп китептин арасында байкалбай калчудай жупкадай жука, алакан отундай китептер деле эмес. Кадыресе көлөмдүү, көзгө толумдуу китептер. Албетте, маселе алардын көлөмүндө, жупкадай же үзүктөй экенинде эмес, ичиндеги чыгармалардын маани-мазмунунда, көркөм-эстетикалык, поэтикалык кудурет-кунары канчалык экенинде.

Сөз ыңгайы келгенде айта кетүүчү нерсе, биз бул макалабызда Ү.Асаналиевдин адабий чыгармачылык жолун, жараткан чыгармаларын ийне-жибине чейин талдоого алуу максатын койгон жокпуз. Мындай максаттын коюлушу, бир жагынан, системалуу, көп аспектилүү өңүттөгү адабий-сындык иликтөө-талдоону талап этет, экинчи жагынан, бир чакан макаланын чегине сыйбайт. Мындай иликтөө-талдоо келечекте аткарыларына ишеним билдирип туралы. Ал эми жогорудагы жыйнактар басмадан жарык көрүп, аздыр-көптүр өз окурмандарын тапкандыгы алардагы чыгармаларды адабий факт катары кароого жана сереп салып, пикир айтууга негиз бере алат.

Аталган жыйнактарга назар салсак, алардагы чыгармаларды шарттуу түрдө экиге бөлүп кароого болчудай. Биринчи топко дидактикалык жана философиялык маани-мазмунга ээ кыска чыгармаларды киргизүүгө болот. Алар «Сөз – сөөлөт», «Жакшы сөз – жан азыгы», «Сөз – сөнбөс жарык» топтомдорун түзөт. Аталган жыйнактарда автордун турмуштук байкоолорунан, жеке тажрыйбасынан улам пайда болгон көркөм туундулар топтоштурулган. Автор өзү белгилегендей: «Ойду ой, сөздү сөз жаратарын эске алып, кыйла ойду кыска берүү» [1: 2] салтын пайдаланганын көрө алабыз. Формасы жагынан алганда, бир-эки, өтө сейрек 3-4 сүйлөмдүк көлөмдөгү кыска тексттер катары кароого болот. Алардын көпчүлүгү сыртынан караганда макал-лакаптарга, учкул сөздөргө окшош. Формасы эле эмес, маани-мазмуну да кадыресе макал-лакаптардыкы сыяктуу нечен жылдык турмуштук байкоолордун жыйынтыгы-нын, тажрыйбанын синтезделген түрдө туюндурулушу болуп саналат. Кайсы бир деңгээлде алардын айрымдарын автордук макал-лакаптар деп эсептесек да болчудай. Анткени автордун турмуштук бай тажрыйбасы, айлана-тегерекке, өзү күбө болгон коомдук жана турмуштук көрүнүштөргө, айтылган ар бир сөзгө кылдат баам салып, алардан башкаларга сабак боло тургандай терең маани табууга жана жалпылап синтездөөгө кылган аракети кыска, нуска саптар түрүндөгү туундулардын жаралышын шарттаган.

Автордун өзүнө кайрылып көрсөк, мындай чыгармаларынын жанрдык тиешелүүлүгү боюнча конкреттүү, так пикири жок экендигин, аларды же макал-лакап, же учкул сөз, же накыл сөз катары мүнөздөй албастыгын билдирди. Ырасында эле, көлөмдүк, формалык мүнөзү, негизинен, окшош болгону менен, жогорудагы жыйнактарына киргизилген чыгармаларынын айрымдары кадыресе макалдын же лакаптын талаптарына, айрымдары учкул сөз-афоризмдин талаптарына шайкеш келсе, ал эми айрымдары накыл сөздөргө жакын. Ошондуктан аталган жыйнактарын макал-лакаптар топтомдору, же афоризмдер топтомдору деп бир жактуу мүнөздөй албайбыз.

Учкул сөздөр же афоризмдер, элдик макал-лакаптар сыяктуу эле Ү.Асаналиевдин калеминен жаралган кыска тексттик көркөм туундулардын тематикалык алкагы кеңири. Алардын арасында салттуу мүнөзгө ээ болуп калган абийир, адамгерчилик жана адамдык сапаттар, акыл-билим, байлык, бийлик, жакшылык-жамандык, Мекен, эл-жер, өмүр-өлүм, тил жана сөз, таалим-тарбия, чындык менен жалган, эмгек жана жалкоолук ж.б. тематикалардагы нуска ойлор да, автордук-индивидуалдык мүнөздөгү (мисалы, бөрү, булак, жүрөк, ит, карыз, кыз, ооз, өрт, темир, уйку, эшек ж.б.) темаларга арналган кыска тексттик туундулар да бар. Алардын айрымдары эч бир мезгил-доордо, коомдук шартта маани-маңызын бөксөртпөй, ар кыл муундар тарабынан бирдей кабылдана турган дидактикалык-философиялык

мүнөзгө ээ болсо, айрымдары доордун же коомдун белгилүү бир шарт-кырдаалына жараша, тагыраак, азыркы мезгилдин агымындагы, коомдун турмушундагы кээ бир көрүнүштөргө жараша келип чыккан. Мисалы, «Акылман сөз арыбайт, кадырман сөз карыбайт», «Жаманга жакшылык кылсаң, жаныңды сурайт», «Кесирлүүдөн кеңеш сураба», «Ден соолугуң болбосо, миң соолугуң курусун» ж.б. деген сыяктуу нуска ойлор бардык мезгил, коомдук-социалдык шартта актуалдуулугун жоготпойт, анткени аларда жалпы адамзаттык жана түбөлүктүү маселелер берилип жатат. «Рулга отурган мас – өзүнө кас», «Бизнести билгендер жүргүзөт, билбегендер күйгүзөт», «Мазардын ээси болгончо, базардын ээси бол» деген сыяктуу ойлор азыркы биз жашап жаткан мезгилге төп келип турганы байкалат. Ал эми «Алтын бар жерде алаамат бар», «Алтын алкты бузат», «Алтынга алкым ачылат, алтынга ар ким качырат» деген сыяктуу учкул ойлор Кыргызстандагы алтын кендери боюнча акыркы мезгилде келип чыккан кырдаалды, айрыкча, «Кумтөргө» байланыштуу конфликттүү кырдаалды туюндуруп турганында шек жок.

Ү.Асаналиевдин чыгармаларынын арасында кыйла кызыгуу жарата турган 2-топ – кадыресе поэтикалык талаптарга шайкеш келген көркөм туундулар. Кыска, бирок нуска туюндуруунун чебери экенин автор поэтикалык чыгармалары аркылуу да далилдей алган. Мындай чыгармалары «Ой-оомат», «Кеп-кербен», «Сап-санат» жыйнактарында топтоштурулган. Алардын басымдуу бөлүгүн *ааба* түрүндөгү уйкаштык аркылуу жазылган 4 саптык формалар түзөт. Ошондуктан автордун айрым замандаштары аларды рубаилер деген пикир айтып жүрүшөт. Ырас, рубаи же аруздун талаптарына жооп берген чыгармалары арбын, бирок бардыгын эле мындай сыпаттоого болбойт. Анткени арасында 6 же 8, сейрек 3, 10 же 12 саптык формалар да кездешет.

Чакан поэтикалык чыгармаларында да автор, негизинен, турмуштук байкоолорун жалпылаштырып, көркөм-поэтикалык түрдө берген. Тематикалык-мазмундук мүнөзү жагынан алганда, адам баласын алмустактан бери коштоп келаткан өмүр-өлүм, ак-кара, адал-арам, бар-жок, жаштык-карылык, чындык-жалган сыяктуу түбөлүктүү дилеммалар, ден соолук, Мекен, мезгил, сүйүү, аял, бакыт, сөз, жаратылыш өңдүү көөнөрбөс темалар жайынан кеп козголот. Көбүн эсе дидактикалык же философиялык маани-маңызы күчтүү мындай чыгармалары аркылуу автор саналып өткөн маселелерге, адамдын ички-тышкы дүйнөсүндөгү, турмуштагы ар кыл көрүнүштөргө, пенде затын эзелтен түйшөлтүп келген чечилгис көйгөйлөргө өзүнүн мамиле-көз карашын билдирип, адамдык жана акындык позициясын айкындайт.

Маселен, ар бирибиз сыяктуу эле авторду түйшөлткөн өзөктүү маселелердин бири – өмүр-өлүм маселеси. Жарыкчылыкка келген пенде үчүн «Өмүрдөн кымбат эмне бар, Кең дүйнө менен менен көрүшкөн» [5: 23] деп, өмүрдүн кымбаттыгын жар салат. Адамга берилген кымбат белек, улуу олжо катары «Жаралган өмүр бир ирет, жашагың келет миң ирет» [3: 133]. Бирок адам көксөгөндөй миң ирет өмүр сүрө албайт экен, тирүүлүккө бир гана жолу келет тура. Болгондо да түбөлүккө эмес, тынымсыз кыймылдагы мезгил агымында саналуу гана ирмем өмүр кечирүү шыбагасы буюруптур: «Олжо экен тирүүлүккө жаратылуу, күнүң бар сүрө турган санатылуу» [3: 137]. Автор да жарыкчылыктагы жашоонун кыскалыгына кейиш тартат, андан да «Тирүүлүктөн ашкан кыйын олжо жок, Ойдогудай жашоо, бирок колдо жок» [3: 133] деп, ошол кыска өмүрдө көп нерсе адамдын каалоосунан, мүмкүнчүлүгүнөн жогору турарын айтат. Ошол эле учурда өмүрдүн

жалгыздыгын жана кыскалыгын айтып муңкана бербей, бир келген өмүрдү башты бийик көтөрүп, адамча жашап өтүүгө чакырат:

Дүйнөгө эки келбей, бир келген соң
Барсыңбы, эң оболу намыс керек.
Тирүүдө тирүүлөрдөй жашап өтүп,
Өлгөндө адам бойдон калыш керек [3: 132].

Бирок өмүрдү жандап жүргөн дагы бир улуу нерсе – ажал, өлүм – бар экени авторду канчалык өкүндүрсө да, анын мыйзамына баш ийбеген пенде болбостугун мойнуна алат:

Кылыксынып, сопусунуп не керек,
Кыяматтан өлүмдү эч ким жеңе элек.
Бул дүйнөгө түркүк кылып калтырбайт,
Ыйласаң да, боздосоң да чөгөлөп [3: 113].

Адамдын «тооктой тытынып, өлбөстөй жутунуп» жашаган өмүрүнүн миң кырлуу, миң сырлуу жактары философиялык, дидактикалык, нравалык-этикалык өңүттөн жогоруда аталган жыйнактарындагы чыгармала-рында бар тарабынан ачылган деп айтууга болот.

Аалым-акындын «Арзуу» аттуу жыйнагы болсо, аталышы айтып тургандай эле, адамдын эң аялуу, табышмактуу сезимин даңазалоого арналган. Алмустактан бери айтылганы менен, табышмагы жандырылбай келе жаткан сүйүү кудуретин кимдер гана сөз кылбады?! Колуна калем кармап, сөз өнөрүнүн сыйкыр дүйнөсүнө аралашкан ар бир чыгармачыл инсан бул түбөлүктүү теманы кыйгап өтө албаган. Биздин каарманыбыз да бул теманы аттап өтпөптүр, поэтикалык туундуларынын арасында арзуу лирикасы олуттуу орун ээлейт. «Арзуу» жыйнагынан сырткары, «Сап-санат», «Ой-оомат», «Кеп-кербен» жыйнактарында, автордук макал-лакап, учкул сөздөрүнүн арасында да сүйүүнүн улуулугун жар салган саптар арбын кездешет.

Автордун арзуу лирикасы менен таанышып чыккан соң, алар айрым бир «ыр жазууга ышкыбоздордун» ырларындай «сени сүйдүм – жалынга күйдүм – артыңдан жүрдүм», «карагат-тай көзүң – балдай сөзүң – периштедей өзүң», «кызыл гүлүм – ысык күнүм», «сенсиз бир да секунд жашай албайм» таризиндеги примитивдүү ырлар эместиги дароо баамга урунат. Биздин көз карашыбызда, автор өзү сүйүүгө, болгондо да утурумдук келди-кетти «сүйүү» эмес, адам баласынын тагдыр-өмүрүндө бир келчү чыныгы, улуу сүйүүгө кабылып, анын бүткүл кубаныч-зарын керт башынан кечирип, аптабына күйүп, ызгаарына тоңуп, жон териси менен сезип, акыл-сезими, жүрөгү аркылуу өткөргөн ошол толгонуулары ырга салынган. Бул оюбузду төмөнкү саптар бекемдеп тургандай:

Сүйүү сырын кайдан билсин сүйбөгөн,
Ашыктыктын алоосуна күйбөгөн.
Чарк айланып миң кыдырсаң таппайсың,
Махабаттан улуу нерсе дүйнөдөн [4: 52].

Экинчи жагынан, «жүрөктөн чыккан гана жүрөккө жетери» шексиз го. Ошол сыңарындай, Ү.Асаналиевдин арзуу лирикасы да окуган адамдын жан дүйнөсүн тепчип өтүп, жүрөгүнө жетерлик поэтикалык кудуретке ээ. Ырлардагы лирикалык каармандын (бул жерде автордун деш өтө эле субьективдүүлүккө такап койчудай) сезим-толгонуулары жалпыланган, жасалма, супсак мүнөздө эмес, кадимкидей реалдуу, ишенимдүү. Ырларды окуп жатып, лирикалык каарман менен кошо толгоносуң, азап чегесиң,

сүйүнөсүң, суктанасың, кызганасың, күтөсүң, таарынасың, жазыласың, сүйүүнүн керемет күчүнө тан бересиң… Баамдап көрсөк, жыйнактагы ырлардын дээрлик көпчүлүгүнүн өзөгүндө бир адам туруп, мазмундары бир адамга байлангандай. Жалпылаштырылган идеалдуу образ эмес, конкреттүү бир образ байкалып тургансыйт. Ошондуктан аталган жыйнакты бир сүйүүнүн баяны десек да болчудай. Ошол эле учурда өзү сүйүү сезимин башынан кечирген ар бир окурман ал образдан өз сүйгөнүн көрө алат.

Махабат торуна чалынган ар пенде арзыган адамын Айга-Күнгө теңеп, жан бүткөндөн өзгөчө санары – турулуу иш. «Лайлини көрүш үчүн Мажнундун көзү керектиги» да белгилүү. Ошол сыңарындай, биздин лирикалык каарман да:

Көз карашың карегиме кадалган
Бир өзгөчө жаралгансың адамдан.
Сендей пери чыкты бекен, жок бекен
Жан бүткөнү Адам ата замандан.
Менин гана көзүм керек көрүшкө,
Эстен танмак, эгер мендей көрүшсө.
Те илгерки заман болсо кокустан
Канчалары кайыл болмок өлүшкө [4: 10], - дейт.

Сүйгөнүн бирде Айчүрөккө, бирде пери кызына салыштырып, «Сен деп жашап, сен деп жазып келерин» [4: 174] айтып:

Жашоодогу жаркыраган жарыгым,
Унутулгус узун сабак тарыхым.
Мен өзүңсүз эч бир бүтүн боло албайм,
Өзүң гана, өзүң менин жарымым [4: 174], - деп өзүн сүйгөн адамынан ажырым карай албайт.

Чыныгы сүйүү ар бир эле пендеге буюра берчү белек эместиги, жан дүйнөсү таза, махабаттын кайгы-зарына чыдап, кадырына жете алган жандарга гана тартууланчу улуу шыбага экендиги, кары-жашына, социалдык статусуна, улутуна, динине карабаган кудуреттүү сезим экендиги, адамды жаңылантуучу, жашартуучу күчкө ээлиги, анын кубанычына караганда кайгы-зары арбынырaак болору «Арзуудагы» ырлардын мазмунун түзгөн. Ошондуктан:

Ыразымын махабаттын барына
Чыдагандар чыдайт анын зарына.
Алмустактан аздектелип келатат
Бирдей үчүн жашка дагы, карыга [4: 90], - деп махабатты даңазалайт,
Биз картайсак, картаярбыз, а бирок
Чоң махабат, сен улгайып эскирбе! – деп махабатка таазим этет.

Адилеттик үчүн айта кетүүчү нерсе, жыйнактагы айрым ырлардан белгилүү акын О.Султановдун махабат лирикасынын туу чокусу болгон «Сен жөнүндө поэма» циклиндеги айрым ойлорду, ыргактарды, а түгүл саптарды кездештирүүгө болот. Албетте, акын агайыбыз «Сен жөнүндө поэманы» туурап же көчүрүп алган деп айтуу жарабайт. Бир жагынан, көркөм-адабий чыгармачылыкта таасир, таасирленүү деген түшүнүктөр бар экенин эске алуу абзел деп ойлойбуз. Экинчи жагынан, чыныгы сүйүүнүн кубаныч-зарын сүйүшкөн адамдар бирдей эле сезип-туюшат өңдөнөт. Демек, андагы эмоциялар, сезимдер да окшош болору түшүнүктүү.

Акындын олуттуу сөзгө татыктуу жыйнактарынын дагы бири – «Ажыдаарлар алааматы». Бул топтом өзүнүн багыты, камтылган чыгармалардын маани-мазмуну жагынан өзгөчөлөнүп турат. Ал кыргыз элинин

бактысы, келечеги, адилеттик үчүн көкүрөгүн окко тосуп, 2010-жылдын 7-апрелинде шейит кеткен баатырлардын жаркын элесине арналган. Чыгармаларда эл-журтка бүлүк салып, өз кызыкчылыгынан башканы ойлобогон, мамлекеттин казынасын курутуп, жерди саткан, элин аткан канкор бийликтин тескери саясаты, жексур жүзү ашкереленген. Демек, топтомдогу чыгармалар, негизинен, саясий-граждандык, социалдык, публицистикалык багытка ээ. Маселен, 52 сабактан турган «Ажыдаарлар алааматы» аттуу көлөмдүү ырында (айрымдар аны поэма деп эсептеп жүрүшөт, биз мындай пикирге кошулбайбыз, анткени поэмага коюлуучу талаптарга толук шайкеш келе бербейт) кыргыз жергесине эгемендик келген жыйырма жылдан ашуун мезгилдеги эл тагдыры, бийлик башына келгендердин ойрон иштери сүрөттөлгөн. Ырдын алгачкы сабагында эле автор:

Жыйырма жылдай мезгил өтүп кетсе да,
Артка кетип, жылбай койдук эмне эле? [8: 5] деген собол коюп, ага жооп берүүгө аракеттенет:

Эки ажыдаар башчы болуп элиме,
Мүңкүрөткөн мүшкүл түштү жериме.
Кара калкты кайыштырып отуруп
Жеткиришти жакырчылык чегине [8: 5].

Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы эки ажосунун калкына жасаган кыянаттыктары жана эл-жеринен качууга мажбур болушкандары баяндалып, аларга болгон жек көрүүнүн канчалык экендиги төмөнкү саптар аркылуу берилген:

Ата-журттан буюрбасын топурак
Жер да аларды жерип турат чочулап.
Канаттуу да арам өлөр шумдардын
Көрүстөнүн кокус калса чокулап [8: 11].

Качкын ажолордун жосунсуз жоруктарын кайталабоо жагы кийинки бийлик ээлерине астейдил эскертилет:

Элдин мүлкүн талкалаба, кыйратпа,
Ал да сендей, алдан тайып ыйлатпа.
Опаа болбойт оңой тапкан буюмуң,
Өз жаныңа себеп болот кыйрашка…
Элге жумшап тапкан менен жыйганды
Бек сактайлы намыс менен ыйманды [8: 10].

Көз карандысыз мамлекет болуп жашагандан берки карапайым эл турмушунун көйгөйлөрү, кыргыз канына тамырлап калган терс көрүнүштөр, социалдык-экономикалык жагдайдагы кыйынчылыктар жана алардын элдин ыйманына, пейилине тийгизген таасирлери, алдым-жуттумдуктун бардык чөйрөдө укмуштай кулач жайышы, кыргыз элинин өткөнү менен кечээгисин таразалоо, бүгүнкүсүн талдоо жана эртеңине бушайман болуу сыяктуу маселелер жыйнактагы ырлардын мазмунун түзөт. Асыресе, өмүрүнүн көп мезгили советтик доорго туура келген автордо ошол доорго болгон ностальгия, бүгүнкү чалкеш замандан кооптонуу жана эртеңкиге олку-солку ишеним, кээде пессимизм да бар экенин байкай алабыз. Мисалы, бирде:

Ишеним калбай калды баарысынан,
Түңүлдүм жакынымдан, алысымдан.
Кээ бирде кечип кетким келет жандан,
Кайталап тирүү жүрөм намысымдан [8: 12] десе, экинчи бир ырында:

Бул заман калды өңдөнөт заман болбой,
Апарзан нерсе тура жаман болбой.
Эгерде жашоо-тирлик оңолбосо,
Өчкөн оң бу дүйнөдөн аман болбой [8: 13].

Арийне, мындай саптарды автордун азыркы заманга карата өзгөрүлгүс позициясы катары кароого болбойт, айлана-чөйрөдө болуп жаткан окуялар кээде адамды туюңгуюкка такап, чыга турган эч жол жоктой туюлган бир учурдагы бушайман, толгонуулардан улам айтылган ойлор деп эсептесек болчудай. Анткени башка бир ырларында автор турмушка карата кадыресе эле активдүү позициясын билдирет:

Бардыгын жеңет амандык
Жанаша жүргөн неме экен
Жакшылык менен жамандык [8: 67], же
Жашайсың заман менен заман болуп,
Же мыкты, же мажирөө, жаман болуп.
Жакшысы, жаманына күбө жаның
Көрөсүң көз көргөн соң аман болуп [8: 41].

Жыйнакта жогоруда аталган маселелер, башкача айтканда, заман-доор, бийлик, байлык, калыстык, эл-журтту башкаруу, башкаруучулар, чындык, адам өмүрү ж.б. тууралуу ойлорду туюндурган кыска (4, 6, 8, 10 саптык) поэтикалык формадагы, 2 саптык бейт формасындагы, макал-лакап же учкул сөз формасындагы көркөм туундулар да киргизилген. Ырларда кенен айтылган ойлор мындай чыгармаларда ныкталган түрдө берилген деп айтууга болот.

Ү.Асаналиевдин көркөм-адабий чыгармачылыгы тууралуу кеп кылып жатканда, дагы бир китеби тууралуу азын-оолак айта кетүү абзел. Ал – «Аалымдарга азил арноо». Бул жайнактагы чыгармалары менен автор атактуу Мидиндин «Адабияттык парадынын», Байдылданын достук азилдеринин салтын уланткан дегенге толук негиз бар. Анткени мында акындын К.Тыныстанов атындагы ЫМУда эмгектенип жаткан жана эмгектенип кетишкен кесиптештерине арнап жараткан чыгармалары топтоштурулган. Ар бир арноосунда ошол конкреттүү инсандын кулк-мүнөзү, жасаган иштери, жүргөн-турганы көркөм сыпатталып берилген. Арийне, азил арноо болуп жаткан соң, кесиптештеринин илимий-педагогика-лык тажрыйбаларынан, кулк-мүнөзүнөн байкаган мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн таап, анан аларды жумшак юмор, жанга жагымдуу элестүү элпек тил менен бере алган. Азил арноолордо кесиптештерине сын тагуу, алардын айрым мүчүлүштөрүн ашкерелөө, кандайдыр бир жекече ич күйдүлүк же көрө албастык жок, алардын максаты арноо ээлеринин ийгиликтерине, жакшы жактарына суктанып, аларды даңазалоо жана бул максатты автор акындык дараметтин күчү аркылуу ишке ашырып, кесиптештерин калыстык менен баалаганга жетишкен.

Жалпылап алганда, аалым-акын Ү.Асаналиев агайыбыздын көркөм-поэтикалык чыгармачылыгы көп кырдуулугу, тематикалык-мазмундук жактан ар тараптуулугу, поэтикалык-эстетикалык кунарынын жогорулугу менен мүнөздөлөт. Арийне, макалабыздын баш жагында белгиленип кеткендей, ар тараптуу системалуу мүнөздөгү өзүнчө изилдөөгө алынса, эгемендик мезгилиндеги улуттук поэзия өнөрүбүздүн өнүгүшүн талдап-иликтөөлөргө өз үлүшүн кошмок. Мындай иш алдыда болоруна ишеним артуу менен, 80 жылдык маарекесин белгилеп жаткан акын агайыбыз Үсөнбек Асаналиевге дагы далай чыгармачылык ийгиликтерди кааламакчыбыз!

Адабияттар:

1. Асаналиев Ү. Сөз-сөөлөт. -Бишкек, 1999.
2. Асаналиев Ү. Кеп-кербен. -Бишкек, 2002.
3. Асаналиев Ү. Ой-оомат. -Бишкек, 2002.
4. Асаналиев Ү. Арзуу. -Бишкек, 2002.
5. Асаналиев Ү. Сап-санат. -Бишкек, 2008.
6. Асаналиев Ү. Жакшы сөз – жан азыгы. -Бишкек, 2008.
7. Асаналиев Ү. Аалымдарга азил арноо. -Каракол, 2010.
8. Асаналиев Ү. Ажыдаарлар алааматы. -Каракол, 2011.
9. Асаналиев Ү. Сөз – сөнбөс жарык. -Каракол, 2012.